# Ош Мамлекеттик Университети
# Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
# №5 ПРОТОКОЛУ

*27.12.22. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *б.и.к., доцент Ташматова Н.М.*
Катышкандар: 16, *5-онлайн*
Себептүү катышпагандар: 3
Себепсиз катышпагандар: *9*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. **2022-жылга "Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" PhD докторантурасы боюнча НББПсын талкуулоо жана бекитүү (баяндамачы: Бугубаева М.М.)**

2. **ЭОП "Дарылоо иши (GM)"5-жылдык жана Дарылоо иши (GM)"ПАнын ВЭК тарабынан берилген сунуштарын ишке ашыруу планын талкулоо жана бекитүү (баяндамачы: Салиева Р.Ш.)**

3. **PhD докторантуранын стейхолдерлеринин канааттануу мониторингин талдоо (баяндамачы: Момунова А.А.)**

4. **Ар түрдүү маселелер**

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

**1. 2022-жылга "Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" PhD докторантурасы боюнча НББПсын талкуулоо жана бекитүү (баяндамачы: Бугубаева М.М.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди жана биринчи маселе 2022-жылга "Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" PhD докторантурасы боюнча НББПсын талкуулоо жана бекитүү боюнча Бугубаева М.М сөз берди.

**Бугубаева М.М. баяндама жасады**

**Калматов Р.К**.: Рахмат, кимде кандай ой бар?

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

**Момунова А.А.,** Бугубаева М.М., Курбаналиев А.Ы. чыгып сүйлөшүп, ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2022-жылдын 27-декабрдагы №5-жыйынындагы отурумунда 2022-жылга "Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" PhD докторантурасы боюнча НББПсын талкуулоо жана бекитүү боюнча талкууда жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштарды эска алып, анын негизинде Окумуштуулар Кенеши

## ТОКТОМ кылат:

1. 2022-жылга "Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" PhD докторантурасынын НББПсы бекитилсин жана аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин PhD докторантурасы боюнча жооптуу А.А. Момуновага жүктөлсүн.

**2. ЭОП “Дарылоо иши (GM)”5-жылдык жана Дарылоо иши (GM)”ПАнын ВЭК тарабынан берилген сунуштарын ишке ашыруу планын талкулоо жана бекитүү .**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов 2-маселе менен тааныштырып, регламент бекитилди жана Салиева Р.Ш. сөз берди.

**Салиева Р.Ш. баяндама жасады.**

**Калматов Р.К**.: Рахмат. Урматтуу коллегалар кимде суроо бар?

**Ташматова Н.М**.: Эмне себептен 3 жылга түздүңүз?

**Момунова А.А.:** Урматтуу коллегалар жакында НААР институционалдык аккредитациядан өткөндө 2023-жылга иш чара жүрүп жаткандыгын далилдей алабыз. Анан НААР аккредитациялык агентствосунун сунуштарында конкреттүү даталар коюлган.

**Калматов Р.К**.: Дагы кимде суроо бар? Эгерде суроо жок болсо. Талкууга өтсөк.

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

**Калматов Р.К**.: Талкууга өтөбүз. Кимде кандай ой бар.

**Джумаева Л.М.:** чындыгында бул иш чараларды аткарып жатабыз. Айгуль Абдикеримовна жана Рана Шербаевна, сиздерге чоң рахмат, сиздер бир эле сунуштарды талдап чыкпай, андан сырткары институционалдык аккредитациянын 44 сунушу боюнча да иштеп, уюштуруп жатасыздар. Кафедралар да иштеп жатышат.

**Калматов Р.К**.: Анда жыйынтыктап коелу. Мен дагы бир жолу Айгуль Абдикеримовна жана Рана Шербаевна, сиздерге чоң ыраазычылык билдирем. Токтомду карап, таанышып коюңуздар. Ошондой эле магистратуранын НББПсын да эртелетип киргизилсин деп кошуп койсок, кандай дейсиздер. Сунуш болсо айтыңыздар. Сунуш менен токтомду окуп чыктыңарбы, ага ким кандай? Макул-баары, каршы-калыс-жок.

Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин ЭОП “Дарылоо иши (GM)”5-жылдык жана Дарылоо иши (GM)”ПАнын ВЭК тарабынан берилген сунуштарын ишке ашыруу планын талкулоо жана бекитүү маселе боюнча жогорудагы талкууну, сунуштарды эске алып,

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2022-жылдын 27-декабрдагы №5-жыйынындагы отурумунда ЭОП “Дарылоо иши (GM)”5-жылдык жана Дарылоо иши (GM)”ПАнын ВЭК тарабынан берилген сунуштарын ишке ашыруу планын талкулоо жана бекитүү боюнча жарыш сөздөрдө айтылган талкуунун, сунуштарды эске алып, Окумуштуулар Кенеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. ЭОП “Дарылоо иши (GM)”5-жылдык жана Дарылоо иши (GM)”ПАнын ВЭК тарабынан берилген сунуштарын ишке ашыруу үчү иш планы жана жумушчу топ бекитилсин жана аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин ОМКтин төрайымы Р.Ш. Салиевага жүктөлсүн.
2. “560100 – Коомдук саламаттык сактоо” магистратуранын НББПсын кийинки ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинде бекитсин жана аткарылышын көзөмөлдөө доцен, м.и.к., магистратура боюнча жооптуу А.К.Турусбековага жүктөлсүн.

**3. PhD докторантуранын стейхолдерлеринин канааттануу мониторингин талдоо (баяндамачы: Момунова А.А.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана PhD докторантуранын стейхолдерлеринин канааттануу мониторингин талдоо үчүн А.А. Момуновага сөз берди**.**

**Момунова А.А.:** баяндама жасады

**Калматов Р.К**.: Рахмат. Урматтуу коллегалар кимде суроо бар? Эгерде суроо жок болсо. Талкууга өтсөк. Жакшы. Ушул сурамжылоо жетишпеген иштерибизди анализдеп берет. Анан сиз бул жерде ишке ашыруу үчүн иш планы жана жумушчу топ бекилсин деп жазыпсыз.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2022-жылдын 27-декабрдагы №5-жыйынындагы отурумунда PhD докторантуранын стейхолдерлеринин канааттануу мониторингин талдоо боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кенеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. PhD докторантуранын стейкхолдерлеринин канааттануу мониторингин талдоо боюнча сунуштарын ишке ашыруу үчүн иш планы жана жумушчу топ бекитилсин жана аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин PhD докторантуранын жетекчиси А.А. Момуновага жүктөлсүн

**4. Ар түрдүү маселелер** .

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов ар түрдүү маселе боюнча 2-айдан бери ОшМУнун №2 дене тарбия кафедрасынын башчысы Б. Кулуев агай “Дарылоо иши (GM)” адистигинин жумушчу окуу планына “дене тарбия” предметин киргизип берүүнү суранып жаткандыгын жана бүгүнкү күндө бул предмет “Дарылоо иши (GM)” жумушчу окуу планында жок экенин, бул арызга финансы-пландоо бөлүмүнүн начальниги Замир Пусуртегин бир гана семестрге студенттердин тандоосу менен спорттук секция катары атайын каралган каражаттын эсебинен каралсын деп, кол койгон. Ал эми окуу департаментинин начальниги И.Н. Атабаев бул окуу жылга жумушчу окуу планы бекитилген, ошондой эле алыскы чет элдик студенттер үчүн түзүлгөн мамлекеттик стандартта өзгөчөлүктөр каралган деп кол койгондугун, бул маселе эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинде колдоо алган болсо, “макулбуз” деп ректордун жазгандыгы жөнүндө билдирүү жасады. Биз, декандын окуу иштери боюнча орун басарлары: И.Ж. Исмаилов жана Л.М. Джумаева болуп, карап чыгып, бул предметти жумушчу окуу планга 2-курстун 4-семестрине 2 кредит саат менен, отчетсуз кылып киргизүүгө сунуштарын бергендигин айтып өтүп, ОКнин мүчөлөрү кандай ойлосуздар?

**Талкуу:**

м.и.к., доцент, А.К.Турусбекова, филос.и.к., доцент, Р.А. Ысмаилова, декандын окуу иштер боюнча орун басары Л.М. Джумаева, б.и.к.,доцент А.А. Момунова, м.и.к., доцент, С.Ж. Джолдубаев. С.М. Маматова жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, талкууну угуп, кошумчалашты.

Жогорудагы талкууну эске алып,

**ТОКТОМ кылат:**

1. Дене тарбия предмети спорттук секция катары студенттин тандоосуна берилсин.
2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректоруна суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин
төрагасы, профессор: Р.К. Калматов

Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Н.М. Ташматова